# ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР
# ЕСТЕСТВЕННЫЕ НАУКИ
# SCIENCE

*Суюнбай к А., Исламов А.Т*

## ЭКОЛОГИЯЛЫК БУЛГАНУУНУН ТААСИРИНЕН ООРУЛАРДЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ ЖАНА СЕБЕПТЕРИ

*Суюнбай к А., Исламов А.Т*

## ПРИЧИНЫ ВОЗНИКНОВЕНИЯ ЗАБОЛЕВАНИЙ ОТ ВОЗДЕЙСТВИЯ ЗАГРЯЗНЕНИЯ И ЭКОЛОГИИ

*Suyunbay k A. Islamov A.T.*

## CAUSES OF DISEASES FROM EXPOSURE TO POLLUTION AND ECOLOGY

*УДК:616-06-02:574.24*

*Сүлүктү-Лейлек аймагынын экологиялык булгануусунун таасиринен келип чыккан оруулarга негизги себеп болгон автотранспорттордун талапка ылайык келбегендигинин негизинде абаны кескин булганыуусу жөнүндө баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *инверсия, фотохимиялык смог, жүк ташуучу транспорт, аба концентрациясы.*

*В регионе Сулюкта-Лейлек заболеванию экологического загрязнения территории в соответствии с причиной неявки, возникающие от воздействия загрязнения воздуха на основе основных судов, автотранспорта, излагаются требования.*

***Ключевые слова:*** *инверсия, фотохимия смог, грузовой транспорт, воздушная концентрация.*

*The region Sulukta-Leilek disease areas of environmental pollution In accordance with the cause of absence arising from the effects of air pollution on the basis of the major vessels, vehicles, sets out the requirements for sharply.*

***Key words:*** *inversion, in photochemistry smog, freight transport, air concentration.*

Негизги экологиялык критерияларга таянып айтсак шаар аймагында жашаган адамдардын жашоо саламаттыгына экологиялык булгануунун себебинен келип чыккан оруулар сапаттуу баскычын көрсөттү. Атайын категория боюнча баа бере турган болсок шаарда жана райондо атмоссфераны булгоочу антропогендик булактардын негизгилеринин бири болгон бул автотранспорт. Атмоссферага чыгарылган зыяндуу заттардын тенинен көбү шаарыбызда жүк ташуучу транспорттор болууда. Жүк ташуучу транспорттор шаарда көп чогулгандыктан булгануу да жогорку мааниде болууда. Мисалы орто эсеп менен ар бир автомабиль жылына 15 мин км жол жүрсө ал 2 т бензин, 26-30 т аба массасын, анын ичинде 4,5 т кычкылтекти күйгүзөт.

Ошол элэ мүнөттө иштетилген газ чыккан трубасынан атмоссферага 700 кг истүү газ 40 кг азот диоксиди 230 кг күйбөй калган көмүртектүү суутек 2-5 кг катуу бөлүкчөлөр чыгат андан башка кансөрегендүү бензапирен , альдегиддер ,күкүрттүн диоксиди, коргошун, хлор, көө жана ыш чыгат. Айлана чөйрөдөгү организмдерге өзгөчө коргошун жана бензапирен зыяндуу. Мындан температуралык инверсия пада болот.Темературлык инверсия шаардын аба массасын эч жака айдалбай кармалышына шарт түзөт натыйжада шаар жашоочуларынын саламаттыгына таасирин тийгизбей койбойт . Өзгөчө акыркы статистикалык маалыматтарга таянсак өлкөдө акыркы беш жыл ичинде дем алуу органдары өпкө оорулары, астма, бронхит, ашказан рагы, жүрөктүн кан тамыр оорулары менен өлкөдө жашоочулар жабыр тартууда. Анын ичинен биз жашаган аймакты лейлек району жана сүлүктү шаарынын поликлиникаларынын оруулардын каттамы боюнча маалыматты алып караганыбызда

Исфана шаары боюнча

| Жылы / Оорунун аталышы | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|
| Астма | 44 | 79 | 81 | 130;81 |
| Бронхит | 66 | 138 | 163 | 181 |
| Аш казан рагы | | 58 | 74 | 82 |

калкыбыз социалдык абалына байланыштуу өзгөчө басымдуу автомабильдер 80 жылдан 2000 жылга чейинки чыккандар. Бул автомабиль-дерде жогоруда белгилеген заттарды өзүндө кармап калуучу конденцациясы жок.негизгизги булгоочуларга көмүртектин оксиди адам организмине кирсе гемоглабинден кычкылтекти сүрүп чыгарат . Күкүрттүн диоксиди көздү мурундун ичин дем алуу органдарын дүүлүктүрүп кычыштырат . Эгерде адам дем алган абада күкүрттүн диоксидинин бир аз гана бөлүгү бөлсө бир төп убакыттан сөн айыкпаган брөнхит, өпкө орууларына дуушар кылат.Мында белгилеп көрсөтсөк калк жакын жашаган аймакта жүк ташуучу транспорттун өтүшү (макаевка,

советская, товарная, боконбаев) калкты өзгөчө жабыркатат. Орулуу адамдардын катталганын алсак калк жыш жашаган чон шаарлардай эле көрсөткүч келип чыкты. Мында эмне үчүн биз жашаган аймакта анчалык кыймыл өндүрүштөр жок бирок статистика тен деген суроо туулат. Кыймылы көп шаарларда авто трассалар күнүнө жуулуп шаар тазаланат бизде жүк ташуучу транспорту койо туруп мотоциклдин советский көчөдөн өтүүсүндө эле канча чан көтөрулуудө чан аркылуу адам дем алуу органдарын жабыркатуудa, өсүмдүктөр үчүн, ал гана эмес имараттын сыртын каптаган таштар үчүн да зыяндуу. Мындай абалдын алдын алууда албетте шаар тазалыгы чандын атмосферага көтөрүлбөөсү , кычкылтектин негизги запасын берүүчү өсүмдүктөрдү көбөйтүү негизги рольду ойнойт .

Эгерде мындай абал жылдан жылга көбөйө берсе авто транспорттун трубаларынан чыккан абаны булгоочу заттардын түз таасиринен да белгилүү синоптикалык абалда келип чыга турган кыйыр таасирлери ашып кетет.Мисалы азыркы мезгилде кенири белгилүү болуп калган Лос-Анджелес тибиндеги смог же фотохимиялык смог. Булганган аба массасында азоттун диоксиди жана башка газдар күн нурунун кыска толкундуу ультра фиолетовый нурларынын таасири астында химиялык реаксияга кирип жаны уулуу заттарды алардын ичинде катуу түргө айланган чан сымал бүртүкчөлөрдү пайда кылат.алар күчөгөн мезгилде фото химиялык смог пайда болот. Мында аба саргыч жашыл тартып кургак боз түшөт .Күн көрүнүп турса да асманды жука булут каптагандай көрүнөт.Абада жагымсыз жыт пайда болот адамдардын көздөрү мурундун ичиндеги тамактагы нымдашкан челдер дүүлүгүп кычышып дем ала албай аба жетпегендей сезим пайда болот. Эски өпкө жана башка оруулар козголуп жапа чеккендер көбөйөт. Мындай смог өсүмдүктөргө да таасирин тийгизип кууратууга дуушар кылат. Мындай фотохимиялык тумандар 70-жылдарда Лос-Анжелесте жылына 60 жолу кайталанчу бүгүнкү күндө мындай туман биз жашаган аймакта да айрыкча жаз айларында айтпаса да белгилүү.

Атмосферанын булгануусу жалан эле калктын ден соолугуна таасирин тийгизбестен экономикалык жагынан да көп зыян тартууга алып келет. Узак убакытка чейин атмосферанын булга-нуусун тазалоо проблемасы анын өзүнчө тазалануу касиеттери менен чечилип келген . Механикалык бөлүкчөлөр жана газдар аба агымдары менен тарап акырындап жерге түшкөн же жаан чачын менен жуулуп кеткен . Кээ бир булганч заттар башка бирикмелер менен реакцияга кирип нейтралдашкан.

Атмосферанын өзүнчө тазаланышында өсүмдүктөрдүн өзгөчө дарак-тардын мааниси өтө чон. Магистралдык жолдордун жээгине тигилген ар түрдүү бийиктиктеги дарактар көмүртектин оксиди менен күкүрттүн оксиди нин 65% инее чейинкисин өзүнө синирип тазалайт. 1 км аянттагы бак дарактардын жалбырактары жылына 2 т газ түрүндөгү амиакты синирип жоготот.Ошол эле аянттагы дарактар бир суткада 224 кг күкүрттүн диоксидин өздөрү аркылуу өткөрүп аларды нейтралдашат.

Атмоссферадагы булганч заттардын концентрациясы, адам баласынын ден соолугуна ошол замат жана узак убакыт боюнча таасирин тийгизе албай турган өлчөмдө болуш үчүн ошондой концентрацияны кармап туруу үчүн эл аралык же мамлекеттик денгээлде булганч заттардын мүмкүн болгон концентрациясынын акыркы чеги деген документ кабыл алынган.Кыргызстанда колдонулган документ 1989-жылы кабыл алынган.

**Абадагы булганч заттардын концентрациясынын азыркы чеги. (2009-Ж) МГ/М**

| Заттар | Бир мезгилдеги максимуму | Орточо суткалык | Коркунуч-туулугунун классы. |
|---|---|---|---|
| Азоттун диоксиди | 0,085 | 0,04 | 2 |
| Азоттун оксиди | 0,4 | 0,06 | 2 |
| Аммиак | 9,2 | 0,04 | 4 |
| Бензапирен | _ | 0,00001 | 2 |
| Чан | О,5 | 0,15 | 3 |
| Истүү газ | 5,0 | 3,0 | 4 |
| Күкүрт кислотасы | 0,3 | 0,1 | 2 |
| Фенол | 0,01 | 0.003 | 2 |
| Сымап металлы | – | 0,0003 | 1 |
| Коргошун жана анын бирикмелери | – | 0,0003 | 1 |
| Күкүрттүү суутек | 0,008 | – | |

Мында булгоочулардын баары эмес эн негизгилери көрсөтүлгөн.

Бул көрсөткүчтө ен коркунучтуу булгоочу заттар автотранспорттордон бөлүнөт. Бул көрсөткүч аныкталгандан бери 20 жыл өттү бул убакта кыргызстанда канча автомабильдердин эски да жаны да маркадагылары агылып эле кирип жатат. бул жерде элибиз байып жатат деп бир чети сүйүнсөн бир чети чет өлкөлөрдө иштетүүдөн чыккан автомабильдердин өлкөгө агылып киргенине зээнин кейийт. Экономикасы күчтүү өнүккөн өлкө-лөрдү карап көрсөк м:Германия,Япония сыяктуу өлкөлөрдө экологиясы экологиялык тазалыгы боюнча да алдынкы орунда турат, себеби айтпаса да белгилүү. Бүгүнкү күндө Кыргыз республикасынын Айлана чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамынын 2-бөлүм 8-статья айлана чөйрөнүн сапатынын ченемдеринин түрлөрү. 1-бөлүктүн жалпы жобосу Атмосфералык аба – ар кандай газдардын, суу бууларынын жана чандардын аралашмасынан турган жердин газ сымал кыртышы.

**Булгоочу заттардын чыгаруулары** – булгоочу булактардын булганган заттардын атмосфералык абага чыгарылышы.

Атмосферанын булганышына контроль – атмосфераны булгоочу заттардын белгиленген талаптарга ылайык келишин текшерүү.

Атмосфераны булгоо булагы – атмосферага булгоочу заттарды жайуучу объект .

Атмосферанын – булганышына контроль – атмосфераны булгоочу заттардын белгиленген талаптарга ылайык келишин текшерүү.

Абанын сапатын ченемге салуу – абанын табигый касиеттеринин өзгөрүшүнө жол берилүүчү чектерди белгилөө. Бул мыйзамдар иштелип чыкканына 17 жылдын жүзү болуп баратса да өлкө кайдигер көз карашта болгондой себеби 15 минден ашык калкы бар кичинекей шаарыбызда абанын бузулушунан келип чыккан оруулардын жылдан жылга өсүшү далил болуп тургандыгына зээнин кейийт.

Абанын сапатын ченемге салуу – абанын табигый касиеттеринин өзгөрүшүнө жол берилүүчү чектерди белгилөө жана алардын алдын алууда жөнөкөй эле иш чараларды жүргүзсөк бир топ абаны тазартып оруулардын да кыскаруусуна салым кошмокпуз ал үчүн магистралдык жолдорго жашыл өсүмдүктөрдү тигүү авто жолдорду күнүнө жууп туруу жана жүк ташуучу транспортторду нормасынан ашык жүктөбөөсүнө көзөмөл жүргүзүү бул жаатта жалпы коомчулук биргелешип иш алып барылса кыйла таза шаар таза аба болмокчу.

**Адабияттар:**

**Негизги:**

экология и жизнь – научно популярный и образовательный журнал М. 2015 г

Об охране окружающей среды М. 1986 г

Основы общего экологии. М. 2016 г

Кыргыз республикасынын мыйзамы 1999-ж 2004-ж №113 мыйзамынын редакциясиларына ылайык.

Абдурасулов И.А . Адам жана жаратылыш. Бишкек 2006-ж

**Кошумча:**

Кыргыз республикасынын мыйзамы 1999-ж 2004-ж №113 мыйзамынын редакциясиларына ылайык

В мире науки : конец космологии М.2014 г

**Рецензент: к.филос.н., профессор Жапаров Д.**